**Москва жана бүткүл Орус Патриархы КИРИЛЛДИН архипастырларга, пастырларга, диакондорго, монахтарга жана жалпы Орус Православ Чиркөөсүнүн балдарына Рождестволук кайрылуусу**

**Кудайды сүйгөн архипастырлар,**
**такыба пресвитерлер жана диакондор, Кудайды сүйгөн иноктор жана инокинялар,**
**кымбаттуу бир туугандар!**

Баарыңыздарды улуу жана дүйнөнү сактап турган биздин Кудайыбыз Иисус Христтин Рождествосу менен чын жүрөктөн куттуктайм.

Азыр, эки миң жыл илгерки вифлеемдик малчылардай эле биз дагы кубануу жана эргүү менен периштенин салтанаттуу үнүн угабыз: «*Слава в вышних Богу, и на земли мир, в человецех благоволение!*» (Лк. 2, 14). Бул керемет сөздөрдү укканда биздин жүрөгүбүз тынч алып жана Жаратуучуга ыраазы болобуз. Баарын Жаратуучу Кудайдын Өзү, Кудай жана түбөлүктүн Атасы (Ис, 9,6) бизге келет жана дүйнөгө жөнөкөй киши болуп төрөлөт.  Ыйык Рух менен жар салган псалма ырдаган-падышанын көзү ачыктыгы орундалат: мээрим менен чындык жолугат, чындык менен дүйнө беттешет: чындык жерден жаркырап чыгат жана чындык асмадан түшөт (Пс. 84, 11–12).Мына ишке ашты: *наристе бизге келди – бизге Уул берди (Ис. 9,6), ар бир динге ишенген киши өлбөй, түбөлүк жашоо алсын үчүн* (Ин. 3, 16).

Тарыхтын жүрүшүндө киши баласы өзүнүн Жаратуучусу менен баарлашууну сагынып, Кудайды издеп келген. Жана мындай күч-аракеттерге жооп кылып, асманга сунулган жүрөктөргө жана колдорго жооп кылып Кудай киши баласына Өзүнүн сүйүүсүн тартуулаган жана Өзүнүн Куткаруучу Колун сунган. Миңдеген жылдардан кийин акыр-аягында Кудай менен киши Иисус Христостон кезигишкен, асман менен жер бириккен, Адамдын уулдары менен кыздарынын тилектери орундалган.

Христтин туулушу менен бизге Жашыруун сыр жана Ачык сөз бир убакта берилген, анткени кишинин акылы ааламдын Жаратуучусу, Өзүнүн табияты боюнча Чексиз Кудай мал менен малчылар жаандан корголоп кирген үңкүрдө төрөлгөн алсыз Наристе түрүндө биздин күнөөгө толуп кеткен дүйнөгө кантип келгенин түшүнө албайт. Ыйык күчтөр берген, чыгыш акылмандары айткан жана жөнөкөй малчылар күбө өткөн ыйык жаралуу дүйнөнүн булуң-бурчуна угулган. Булардын баары бизге Кудайдын кудуреттүү акылынын тереңдигин ачып берип, киши баласын куткаруу жөнүндө жашыруун  Үчтүк ниетке катышуучу кылат.

Азыр биз билебиз: *Кудай дүйнөнү ушунчалык сүйгөндүктөн, дүйнөнү куткаруу үчүн Өзүнүн Жалгыз Уулун бизге жиберген* (Ин. 3, 16–17). *Жана азыр биз ишеним менен Кудайыбыз Иисус Христ аркылуу бакубат жашоо алдык жана Кудайдын ишенимин даңктайбыз, ... себеби кудайдын сүйүүсү биздин жүрөгүбүздү Ыйык Духка толтурду* (Рим. 5, 1–2; 5).

Наристе тынч уктап жаткан жөнөкөй бешикти ийилип карайбыз. Кудай үчүн коркуу жана тынчсыздануу менен карайбыз, анткени бул жерден Кудай Иисустун жердеги жашоосу башталат, бул жерден бизди куткаруу башталат. Ийилебиз жана

Түбөлүк Атанын Туулган Уулун даңктайбыз, биздин жүрөгүбүзгө толуп чыккан кубанычтан ырахат адлабыз.

*«Слава в вышних Богу, и на земли мир, в человецех благоволение!»* – деген периштелердин хорун кайра-кара кайталайбыз. Куткаруучунун Төрөлүшү менен келген Кудайдын сүйүүсү кишилерге чыныгы тынчтык алып келет. Бул тынчтыкты жашоонун кыйынчылыктары менен, социалдык кагылыштар, саясий кайра куруулар жана ал тургай куралдуу жаңжалдар менен дагы бузуу мүмкүн эмес, анткени Христтин дүйнөсүндө ушундай руханий күч жашайт жана ал ошол күч менен жердеги кайгыны жана капаны басып турат (свт. Игнатий (Брянчанинов) Аскетик тажрыйбалар).

Бирок жан дүйнөнүн тынчтыгына кантип жетүүгө болот? Бул улуу рух байлыгына кантип жетүүгө болот? Ыйык аталардын бул тууралуу пикири бирдей: кишидеги Христтин тынчтык иш-аракеттери анын евангелие осуяттары менен болгонунун маанилүү белгиси. Алардын ичинен көбүрөөк – бизге первоверховный Павел көбүрөөк насаат айтат – өркүндөөнүн жыйындысы болгон сүйүүгө ээ болуу керек. Ошондо апостолдун сөзү боюнча биздин жүрөгүбүзгө Кудайдын тынчтыгы толот, биздин милдетибиз ушундай (Кол. 3, 14–15).

Кудай өзүнө кишилерди издейт – Анын мыйзамын сактаган, жакындарына жана бөтөндөргө Куткаруучу жөнүндө күбөлөндүргөн жана караңгыдан бизди Өзүнүн жарыгына чакырган Куткаруучу тууралуу жар салган кишилерди издейт (1 Пет. 2, 9).

Мындай бийик милдетке татытуу бололу. Ошондуктан, *преславное Рождество Христово видевше, в вертепе совершаемое, устранимся сует паче мира* (кондак 8 акафист Рождество Христово), оюбуз менен асманга учалы, Жаратканды даңктайлы, айланадагы кишилерге камкордукка муктаж болгондорду, кайгыргандарды же кыйынчылыкка кабылгандарды Куткаруучу Жаралганы тууралуу жар салалы.

Кудай биздин эмгекке толгон христиандык жашообузга дем берсин, мындан кийин биздин ишенимибиз чыңдалсын, үмүтүбүз түгөнбөсүн жана сүйүүбүз күчөсүн; жаркын Рождество майрамына кирип бара жатканда биз кыйшайбастан дүйнөгө *велию благочестия тайна жар салалы* (1 Тим. 3, 16), кишилерге Христтин тынчтыгын жана бакубат дүйнөсүн алып баралы. Аминь.

**МОСКВА ЖАНА БҮТКҮЛ ОРУС ПАТРИАРХЫ**

*Христостун Рождествосу*
*2018/2019-ж.*
*Москва*